| | | |
|---|---|---|
| ***Кыргыз Республикасы***<br>***Ысык-Көл облусу***<br>Жети-Өгүз району<br>Барскоон айыл аймагынын<br>айылдык Кеңеши | | ***Кыргызская Республика***<br>***Ысык-Кульская область***<br>Жети-Огузский район<br>Барскоонский аильный Кенеш<br>айылного аймака |

**Эл депутаттарынын Барскоон айылдык Кенешинин**
**XXVIII-чакырылышынын 4 кезектүү сессиясы**

21 январь 2022 жыл Барскоон айылы

## № 42 Т О К Т ОМ

**Барскоон айыл өкмөтүнүн 2022-жылга**
**бюджетин жана 2022-2024 жылдарга долбоорун бектитүү жөнүндө**

Негизделип эсептелинген маалыматтарга жана Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктуна ылайык 2022-жылга Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү бюджети жана 2022-2024 жылдарга болжолу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык Барскоон айыл аймагынын финансы экономика бөлүмүнүн башчысы К.Мамырканов жана бюджеттик комиссиясынын төрагасы Э.Мухамедий уулунун билдирүүсү боюнча

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2022-жылга Барскоон айыл өкмөтүнүн бюджети кирешелер боюнча **37 346,7** миң сом көлөмүндө жана чыгымдар боюнча **37 346,7** миң сом көлөмүндө №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. 2022-2024-жылдарга долбоору №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Салыктардын контингенти жана чегерүүлөрдүн көлөмү №3 тиркемеге ылайык каралсын жана кирешелер биринчи кезекте эмгек акы, социалдык фондго чегерүүгө, коммуналдык чыгымдарга, тама-аш алууга жеңилдиктерди төлөөгө жумшалсын. Айыл өкмөтүнүн бюджетине түшүүчү салыктарды өз убагында жыйнап бюджетке түшүрүү жагы айыл өкмөтүнүн киреше боюнча башкы адисине милдеттендирилсин.
4. Жергиликтүү бюджеттен каржылануучу чыгымдардын көлөмү №4 тиркемеге ылайык бекитилсин.
5. Жергиликтүү бюджеттен мекемелерге карожылануучу эмгек акы, социалдык фондусунун чектелген көлөмү №5 тиркемеге ылайык бекитилсин.
6. Бала бакчанын атайын каражатына ата-энелерден келип түшкөн акча каражаты – 1 338,8 миң сом балдардын тамак-ашына бекитилсин.
7. Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 мыйзамынын 40-беренесинин 6 пунктуна ылайык айылдык кеңештин төрагасына бир жолку компенсация төлөнсүн.
8. Айылда спортту өнүктүрүүгө, спорттук иш-чараларга катышууга жана спорттук оюндарды өткөзүүгө - 720,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.

9. Өзгөчө кырдаалдарга – 600,0 миң сом акча каражаты бекитилсин. Каралган акча каражат пайдаланбай калса башка беренелерге жумшалсын.
10. «Ак Түз тазалык» муниципалдык ишканасына колодоо көрсөтүүгө -400,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
11. «Барс-S» муниципалдык ишканасына ортодогу жерди иштетүүдө колдоо көрсөтүүгө – 1000,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
12. Көчөлөрдү көрктөндүрүүгө, баннерлерди алмаштырып көчөлөрдөгү түнкү жарыктандыруу системаларын оңдоп түздөөгө – 120,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
13. Айыл аймагынын ички ирригациялык тармагын, арык каналдарын кезектеги оңдоп түзөө иштерине – 535,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
14. «Туюк» өрөөнүнөн айылга ичүүчү суу тартып келүүгө – 3 000,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
15. Ичүүчү суунун кабылдамасынын айланасын курчоого – 1 550,0 миң сом.
16. 2021-жылда эл каттоонун уюштуруу маселелерине – 120,0 миң сом.
17. Сырт өрөөнүндөгү Караколка айылчасындагы фотоэлектростанциянын жана тургун пайдалануучу ичүүчү суунун айланасын курчоого – 250,0 миң сом.
18. Айыл ичиндеги арык-каналдарды оңдоп түзөөгө курулуш материалдарын алууга – 535,0 миң сом.
19. Сырт өрөөнүндөгү купканы оңдоо – 60,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
20. Айыл ичиндеги маданият үйүнүн тегерегин көрктөндүрүү иштерине (парк) – 1 300,0 миң сом.
21. Айылдагы көпүрөөлөргө ЖБ Кольцо сатып алууга – 100,0 миң сом.
22. Барскоон айылындагы ҮДТнын имаратынын жылуулук системасын капиталдык оңдоп түзөөдөн өткөрүүгө – 300,0 миң сом.
23. Айыл ичиндеги көчөлөргө кум шагыл төгүп оңдоого, арык каналдарды тазалоого, көчөлөрдү, айыл ичин таштандыдан тазалоого күйүүчү майга – 950,0 миң сом.
24. «Таарылга-Булак» ишканасын камсыздоого – 50,0 миң сом.
25. Мектептерге тамак-аш сатып алууга – 576,9 миң сом.
26. Айылдагы мектептердин жарыктандыруу системасын жаңылоого – 500,0 миң сом.
27. Айылдагы мектептердин техникалык базасын чыңдоого – 300,0 миң сом.
28. Айылдагы «Барскоон» бала бакчасына ашкана курууга – 980,0 миң сом.
29. Тарыхый мурастагы имаратты жана эстеликти оңдоп түзөөгө - 300,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
30. Айылдагы диагностиканы көчүрүү жана капиталдык оңдоп түзөөгө - 700,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
31. Айылдын борбордук көчөсүн кеңейтүү, арык, тротуарларды жаткызууга – 1 400,0 миң сом.
32. Айылдын сугат иштерине келүүчү ирригациялык каналдарды, арыктарды жакшыртуу иштерине, латокторду жаткызуу иштерине – 1 200,0 миң сом.
33. Таштанды таштоочу полигондун айланасын курчоого – 200,0 миң сом.
34. Айыл ичиндеги кичи футбол аянтчасынын төшөлмөсүн алмаштыруу, капиталдык оңдоп түзөөгө – 900,0 миң сом.
35. Манипулятор автомашинасын сатып алууга – 1 500,0 миң сом.
36. Айыл ичинен жер тилкесин сатып алууга – 300,0 миң сом.
37. Айылдын коопсуздугу үчүн видеокөзөмөл орнотууга – 502,4 миң сом.
38. Электрик кызматкеринин эмгек акысына – 70,35 миң сом.
39. Долбоорлорго өздүк салым катары – 1 000,0 миң сом.
40. Минералдык жер семирткичтерди алууга – 600,0 миң сом.
41. Айыл өкмөтүнүн резервдик фонду - 373,5 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.
42. Социалдык жардамдарга – 503,5 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

43. 2022-жыл ичинде түзүлгөн кырдаалга жараша акча каражатын статьядан статьяга, кварталдан кварталга жылдыруу жагы айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы К.Мамыркановго жүктөлсүн.
44. Айылдык өкмөтүнүн бюджетине кошумча өзгөртүүлөрдү киргизүү айылдык кеңештин кезектеги сессиясынын кароосуна коюлсун.
45. Каралган жергиликтүү бюджетин макулдашуу жагы райондук финансы башкармалыгынан суралсын.
46. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөсү экономикалык реформа жана бюджет боюнча айылдык кеңештин алдындагы туруктуу комиссиясына жана Барскоон айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Асановго тапшырылсын.
47. Токтом 2022-жылдын 22-январынан күчүнө кирсин.

**Барскоон айылдык кеңешинин төрагасы: Н.Чекиров.**